DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Таабалдиева А.К.*

## СҮЙЛӨМДҮН БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ

*Таабалдиева А.К.*

## ОДНОРОДНЫЕ ЧЛЕНЫ ПРЕДЛОЖЕНИЯ И ИХ ХАРАКТЕРНЫЕ ПРИЗНАКИ

*A. Tabaldieva*

## THE HOMOGENEOUS MEMBERS OF THE SENTENCE AND THEIR CHARACTERISTIC FEATURES

*УДК: 81(512.154)*

*Макалада сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү жана алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө сөз болуп, бир өңчөй мүчөлөрдүн курамына карай бөлүнүшү, өз ара байланышуу жолдору жана аларга коюлуучу тыныш белгилери жөнүндө маалымат берилди. Ошондой эле бир өңчөй мүчөлөрдүн жалпы табиятын аныктоо, аны өзүнчө семантикалык - грамматикалык категория катары синтаксистен алган ордун аныктоо, бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байланыш жолдорун көрсөтүү, бир өңчөй мүчөлөрдүн түрлөрүн, алардын өзгөчөлүктөрүн жана кайсы сөз түркүмдөгү сөздөрдөн түзүлөрүн баяндоо жагы эске алынды. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү - оозеки кепте да, жазма кепте да өтө кеңири колдонулган синтаксистик категория. Кыргыз тил илиминде бир өңчөй мүчөлөрдүн табияты туура аныкталып, өзүнчө синтаксистик категория катары каралып жүрөт.*

***Негизги сөздөр:*** *бир өңчөй мүчөлөр, тил, байламталар, сүйлөм, сөз түркүмдөрү, табияты, суроолор, аныктооч, интонация.*

*В статье рассматриваются однородные члены предложения и их характеристики, разделение однородных членов по составу, способы взаимодействия и знаки препинания. Это потому, что они синтаксически не связаны друг с другом, а связаны одинаковым образом. В связи с этим они произносятся связным тоном голоса, а не счетной интонацией. Также необходимо определить общий характер однородных членов, определить его место в синтаксисе как отдельной семантико-грамматической категории, показать способы взаимодействия однородных членов, описать типы однородных членов, их особенности и слова. группы. Однородные члены предложения - очень распространенная синтаксическая категория как в устной, так и в письменной речи. В кыргызском языкознании природа однородных членов определяется правильно и рассматривается как отдельная синтаксическая категория.*

***Ключевые слова:*** *однородные члены предложения, язык, союзы, предложение, части речи, природа, вопросы, определение, интонация.*

*The article discusses homogeneous members of the sentence and their characteristics, the division of homogeneous members by composition, methods of interaction and punctuation marks. It is also necessary to determine the general nature of homogeneous members, determine its place in the syntax as a separate semantic and grammatical category, show the ways of interaction of homogeneous members, describe the types of homogeneous members, their features and words. groups. Homogeneous members of a sentence are a very common syntactic category in both oral and written speech. In Kyrgyz linguistics, the nature of homogeneous members is defined correctly and considered as a separate syntactic category.*

***Key words:*** *homogeneous members of a sentence, language, conjunctions, sentence, parts of speech, nature, questions, definition, intonation.*

Бир өңчөй мүчөлөрдүн оозеки жана жазма кепте кеңири колдонулушу, анын, бир жагынан, белгилүү өлчөмдө татаал сүйлөмгө, бир жагынан, түшүндүрмө мүчөлөргө (обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөргө), бир жагынан, тутумдаш мүчөлөргө (тутумдаш аныктоочторго) окшоштугу, бир түрдүү окшош көрүнүштөр, кубулуштар, белгилер жана иш-аракеттер жөнүндө кабар берип, балдардын таанып-билүүсүн, оюн, кебин өстүрүүгө кызмат кылары анык [3].

Ар кандай синтаксистик категория изилдөөчүлөр тарабынан ар кандай позицияда, түрдүү көз караште каралат. Бир өңчөй мүчөлөр да синтаксистик адабияттарда ар түрдүү талкууланып, ар кандай деңгээлде баяндалып келген.

Кыргыз тил илиминде бир өңчөй мүчөлөрдүн табияты туура аныкталып, өзүнчө синтаксистик категория катары каралып жүрөт. Бирок жогорку окуу жайларынын, мектептин окуу китептеринде анын мүнөздүү белгилери ар түрдүү деңгээлде берилет.

Бир өңчөй мүчөлөр бирдей мааниде келип, бирдей сөз түркүмдөрүнөн түзүлүп, бирдей грамматикалык формада келиши обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөргө окшош болушат. Бирок алар өз ара маанилик катышы жана интонациясы боюнча бири-биринен айырмаланат [5].

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө аныкталгыч менен маани жактан бирдей түшүнүктөгү нерселерди атап көрсөтүп, аны менен бирдей грамматикалык формада келгени менен, алардын ортосунда семантикалык теңдик болбойт. Аныкталгыч жалпы маанидеги сөздөн, түшүндүрмө мүчө ага караганда тар маанидеги сөздөн түзүлүп, аныкталгычтын маанисин конкреттештирип, тактап, айкындап турат. Ошого байланыштуу оозеки кепте аныкталгыч көтөрүңкү үн менен, түшүндүрмө мүчө басыңкы үн менен айтылат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Түшүндүрмө мүчөлөр бирдей сөз түркүмдөрүнөн түзүлүп, бирдей грамматикалык формада келеби, же ар башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлүп, ар башка грамматикалык формада келеби, алар грамматикалык жактан өз ара тең укукта байланышат. Ошого байланыштуу алар оозеки кепте бирдей үн ыргагы менен санак интонациясында айтылат [4].

1. Биз мугалимдер, келечектин ээлерин тарбиялайбыз. Жапардын ой-санаасы госпиталдан четтеп, алыска, Кыргызстанга кетет.

2. Тюлень сууда оңой жана шамдагай сүзөт.

Жогорку мисалдардын биринчи тобундагы асты сызылган сөздөр обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр. Алар өздөрүнүн аныкталгычтары менен бирдей заттык, орундук мааниде, бирдей грамматикалык формада келген. Алар аныкталгычтар менен синтаксистик жактан тең укукта байланышкан эмес. Тескерисинче, жалпы маанидеги аныкталгычтардын (биз, алыска) маанисин конкреттештирип, алардын кимдигин, кайсы орун экенин тактап, айкындап келген. Ошого байланыштуу алар аныкталгычтар менен эки башка интонацияда (көтөрүңкү, басыңкы) айтылган.

Сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, бир сөз менен байланышкан сөздөр болот. Андай сөздөр сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү деп аталат.

Аео толгон, жубаткан, сооротко, ыйлаган жүздөр, көздөр күндүзү туш-туштан тиктеп шаштырды**.**

Бул сүйлөмдө аео толгон, жубаткан, соороткон, ыйлаган деген сөздөр-кандай суроого жооп берип, жүздөр, көздөр деген заттар менен байланышып, аныктоочтук кызматтарды, шаштырды, сүрдөнттү деген сөздөр – эмне кылды деген суроого жооп берип, жүздөр, көздөр деген заттар менен байланышып, бирдей баяндоочтук кызматты, ал эми жүздөр, көздөр деген сөздөр – эмнелер деген бирдей суроого жооп берип, баяндоочтор менен байланышып, бир өңчөй ээлик кызматты аткарган [6].

Бир өңчөй мүчөлөр логикалык мааниси жагынан да көбүнчө бирдей болуп, синтаксистик жактан өз ара тең укукта байланышат. Алар көбүнчө сөз түркүмдөрүнөн түзүлүп, бирдей грамматикалык формада келет.

Бектер, (кимдер?), саркерлер (кимдер?) диванханага келе башташты.

Мен күрөшчүл (кандай?), үмүтчүл (кандай?) кишилерди жакшы көрөм! - деди Асиянын элеси Нурбектин көзүн карап.

Жогорудагы мисалдардан бектер, саркерлер жана күрөшчүл, үмүтчүл деген сөздөр маани жактан өз ара тең, ошондуктан синтаксистик жактан да тең укукта байланышкан. Биринчи сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр зат атоочтон түзүлүп, -лар мүчө формасында, экинчи сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр сын атоочтон түзүлүп, сөз жасоочу -чыл мүчө формасында келген.

Сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, бирок ар башка сөздөр менен байланышкан сөздөр бир өңчөй мүчө боло албайт. Анын баскан изин, чайнаган тишин, караган көзүн ар убакта байкоо керек.

Бул сүйлөмдөгү баскан, чайнаган, караган деген сөздөр кайсы, кандай деген суроолорго жооп берип, аныктоочтук кызматтарды аткарып турган менен бир өңчөй аныктооч болгон жок, анткени алар ар башка сөз менен (изин, тишин, көзүн) байланышкан. Демек, бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик кызмат аткарган сөздөрдүн бир сөз менен байланышы - бир өңчөй мүчөлөрдүн негизги белгилеринин бири [5].

Бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, бир сөз менен байланышкан сөздөр да санак интонация менен айтылбай туташ интонация менен айтылса, бир өңчөй мүчө боло албайт.

Чын эле колго токтобогон жылтыр-жултур тоголок сонун теспелер экен.

Бул сүйлөмдөгү колго токтобогон жылтыр-жултур тоголок сонун деген сөздөр кандай деген суроолорго жооп берип, аныктоочтук кызмат аткарып, теспелер деген бир сөз менен байланышып келгени менен бир өңчөй аныктоочту аткарган жок, алар баары биригип бир суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтук кызматты аткарып турат.

Анткени, алар өз ара синтаксистик жактан тең укукта байланышпай, багыныңкы абалда байланышкан. Ошого байланыштуу алар оозеки кепте санак интонациясы менен айтылбай туташ үн ыргагы менен айтылат. Демек, синтаксистик жактан өз ара тең укукта байланышып, санак интонацияда айтылуу бир өңчөй мүчөлөрдүн негизги белгиси болуп саналат.

Ошентип, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, бирдей суроого жооп берип, бир сөз менен байланышкан жана санак интонация менен айтылган сөздөр сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү деп аталат.

Бир өңчөй мүчөлөргө улануучу мүчөлөр же айкашып келүүчү кызматчы сөздөр кээде бир өңчөй мүчөлөрдүн ар бирине уланып же айкашып айтылса, кээде алардын эң акыркысына гана уланып же айкашып, калгандарынан түшүрүлүп айтылат.

1. Эгер бир өңчөй мүчөлөрдүн ар бирин бөлүп, ажыратып көрсөтүү зарыл болсо, мүчө же кызматчы сөз бир өңчөй мүчөнүн ар бирине уланат же айкашат да, бир өңчөй мүчөлөр логикалык басым менен айтылат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



2. Кээде бир өңчөй мүчөлөргө улануучу сөз мүчөлөрү, айкашуучу кызматчы сөздөр бир өңчөй мүчөлөрдүн эң акыркысына гана уланып же айкашып, калгандарынан түшүрүлүп айтылат. Мындай учурда мүчө уланган же кызматчы сөз айкашкан бир өңчөй мүчө гана логикалык басым менен айтылып, калгандары жалпыланып айтылат.

Күмүштөн, жезден, жыгачтан, булгаарыдан не бир укмуш жасалга, идиш-аяк, буюмдарды жасоочу эмес беле илгери.

Жогорку мисалдагы бир өңчөй мүчөлөрдүн биринчи тобунда чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү ар бир бир өңчөй мүчөгө жалганып, ал бир өңчөй мүчөлөр логикалык басым менен айтылып, көңүл бөлүнгөн, бөлүнүп, ажыратылып көрсөтүлгөн мүчө катары келген. Экинчи топтогу бир өңчөй мүчөлөрдө табыш жөндөмөнүн мүчөсү эң акыркысында гана жалганып, калгандарынан түшүрүлүп айтылган. Бир өңчөй мүчөнүн табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү жалганып келгени гана логикалык басым менен айтылып, калгандары маани жактан жалпыланып келген [3].

Бир өңчөй мүчөлөр составына карай жалаң жана жайылма болуп экиге бөлүнөт.

1. Бир өңчөй мүчөлөрдүн ар бири өздөрүнчө жеке-жеке туруп, санак түрүндө айтылган болсо, жалаң бир өңчөй мүчөлөрдүн түрүнө кирет.

Үстүнөн топурактын, тердин, ылайдын жыты келет.

3. Ал эми башка бир шартта бир өңчөй мүчө болуп түшкөн сөздөрдүн ар бирине бөлөк бир айкындооч мүчөлөр тутумдашып айтылып, ар бир бир өңчөй мүчөнүн өзүнчө жайылма тобу, түрмөгү түзүлүшү мүмкүн. Буларга окшогон түрмөк-түрмөктөргө айланган бир өңчөй жайылма бир өңчөй мүчөлөр деп аталат.

Кыйырсыз океандын бетинде бу төртөөнүн ичер суусу, кабаттанар азыгы, жол көрсөтөр жылдызы жок.

3. Сүйлөмдө жалаң жайылма бир өңчөй мүчөлөр аралаш түрдө катышып турушу да мүмкүн [5].

Жигит пири куралы мыктыларды, уруш ыгын жакшы билгендерди колдоду.

Азыркы кыргыз тилинде бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байламталуу болгондо, анын биринчиси интонация аркылуу, саналуу жолу менен, экинчиси байламталардын тутумдаштырылышы аркылуу ишке ашат. Санак интонация бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында бир кылдуу, бир калыптагы тондо, үн кыймылында айтылышы менен мүнөздөлөт. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында байламта сөздөрдүн катышып турушуна жараша же жок болушуна карай санак интонациянын мүнөзү да түркүн-түркүн бөтөнчөлүктөргө ээ болуп турат.

1. Байламта сөздөр катышпаган бир өңчөй мүчөлөр бир калыптагы үн ыргагы менен айтылып, алардын арасында шарттуу узак тыным болот.

Аялдардын, эркектердин назик үндөрү кубулжуду.

Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды.

2. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында жана, менен деген бириктирүүчү байламталар катышып турушу да мүмкүн.

Кечээки жекшембиде да Аскар менен Петя жолго эрте чыгышкан.

Бирок бул сырды Жума менен Каныбек эч кимге айткан эмес.

3. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында да, дагы, деле деген сыяктуу төртчүл таандык байламталар катышып айтылышы ыктымал. Мындай байламталар катышкан бир өңчөй мүчөлөр көтөрүңкү үн менен айтылып, алардын арасында шарттуу узак тыным болот.

Жаан да, чагылгандардын жарыгы да самандын астында жаткан жериме жетип жатты.

Карагерге отун артканда кулагы да, куйругу да көрүнбөй калды.

4. Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында же болбосо, же, ары, бирде деген сыяктуу төртчүл таандык байламталар катышып айтылышы да ыктымал. Мындай байламталар катышкан бир өңчөй мүчөлөр көтөрүңкү үн ыргагы менен айтылып, алардын арасында шарттуу узак тыным болот [5].

Күчтүү шамал отту же өчүрөт, же күчөтөт.

Канталаган колдорум бир эсе сыздап, бир эсе ысып, бир эсе ачышып жатты.

Бир өңчөй мүчөлөр өз ара интонация жана байламталар аркылуу байланышат, ошого карата сүйлөмдө төмөнкүдөй жазылат:

1.Эгерде бир өңчөй мүчөлөр бири-бири менен интонация аркылуу байланышса, анда бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында үтүр белгиси коюлат.

Ажар жүдөдү, арыктады, өчтү.

Айылдаштары анын нысаптуулугуна, токтоолугуна ыраазы болушту.

2. Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырууда кыргыз тилиндеги бардык байламталар (мисалы, шарттуу салыштырма байламталар) колдонулбайт. Аларды, негизинен, божомолдогуч, байланыштыргыч, каршылыгыч байламталар (ары, нары, жана, да, дагы, менен, бирок, же, же болбосо, бирде) байланыштырат.

а) да, дагы, дале байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырууда бир нече ирет кайталанып турса, алар дайыма өзүнөн мурдагы бир өңчөй мүчөгө тиешелүү болуп айтылат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Анын күйүтү да, бактысы да Жамийланын сулуулугунда болуп жатты.

б) Ал эми же, же болбосо, бирде, ары (нары) байламталары өздөрүнөн кийинки бир өңчөй мүчөгө таандык болуп айтылат, ошондуктан үтүр белгиси бул байламталардан мурун коюлат.

Ажарда же эне, же ата жок.

Ары тууган, ары ата-бала болуп калган.

в) жана, менен байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү өз ара бириктирүү кызматын аткарып, өзүнөн мурунку жана кийинки бир өңчөй мүчөлөрдү бирдей даражада орток болуп айтылат. Ошол себептүү бул байламталар байланыштырган бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр белгиси коюлбайт [4].

Бул сөздү кулактары чалган Шарипа менен Наташа абдан сүйүнүштү.

Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин бириктирип, жалпылап туруучу сөздөр болот. Алар синтаксистик аткарган милдети жана грамматикалык табияты боюнча, негизинен, өздөрү жалпылап турган бир өңчөй мүчөлөрдөн айырмаланбайт.

Кычан, Керез, Атай-үчөө дагы эле чогуу кыштак ичинде калышты.

Мүйүздүү бугу эненин этин баары мактап жатышты.

Биринчи сүйлөмдө жалпылагыч сөз (үчөө) бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда келип, аларды бириктирип, жамдап турат. Ал эми экинчи мисалдагы жалпылагыч сөз (баары) бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда колдонулгандыктан, анын мааниси бир өңчөй мүчөлөрдө аркылуу чечмеленип көрсөтүлдү.

Ошентип, бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин жалпылап, бириктирип турган сөздөрдү жалпылагыч сөздөр дейбиз.

Жалпылагыч сөздүн милдетин, көбүнчө, жалпылоо маанисинде ге, булар, алар, баары, бардыгы, төмөнкүлөр деген сыяктуу сөздөр жана жамдама сан атоочтор аткарышат.

Жалпылагыч сөздөр тизмектеги өздөрүнө тутумдаш санак сөздөрдүн маанилерин жалпылай бириктиргендиктерине жараша бир өңчөй мүчөдөгү түшүп, көмүскөдө калган жөндөмөлөрдү ашкерелей алат.

Барарың менен көргөн-билген, ага-ини-баарына салам айт.

Адатынча Каныбек ал күнү да Самсахун, Дарыяхан – экөөнөн үмүт кылган болчу.

Ал эми ушул бир өңчөй мүчөлөрдөгү жөндөмө мүчөлөр түшпөгөндө, сүйлөм: Барарың менен көргөн-билгенге, ага-иниге, баарына салам айт. Адатынча Каныбек ал күнү да Самсахундан, Дарыяхандан – экөөнөн үмүт кылган болчу деген түрдө болмок.

1. Жалпылагыч сөздөр бир өңчөй мүчөлөрдөн мурун келсе, жалпылагыч сөздөн кийин кош чекит коюлат:

Бардыгы: үмүтү да, тилеги да, күн көрүү, өмүр сүрүүсү да ошол отто.

Өзүм жакшы көргөн өнөр булар: комуз, кыяк, чоор, сурнай.

2.Эгерде жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе. Анда жалпылагыч сөздөн мурун сызыкча коюлат:

Керимахун, Анархан, Дарыяхан – үчөө ортоңку үйдө чай ичип отурушту.

Бакты-таалай, келечек-баары алдыда.

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү бир өңчөй түрүндө колдонула берип, ошого байланыштуу бир өңчөй мүчөлөр бир өңчөй ээ, бир өңчөй баяндооч, бир өңчөй аныктооч, бир өңчөй толуктооч жана бир өңчөй бышыктооч болуп бөлүнөт.

**Бир өңчөй ээ.**

Бирдей суроого жооп берип, бир баяндооч менен байланышкан ээлер бир өңчөй ээ деп аталат.

Аны заматта караңгылык, жымжырттык думуктуруп жиберди.

Сүйлөмдүн бир өңчөй ээлери бири-бири менен байламталар, байланыштыруучу санак интонация аркылуу байланышат:

Кайра элге суусун жеткизсе, көптүн алкышы, батасы тийет.

Бир өңчөй ээнин ар бири жекелик санда да, көптүк санда да колдонула берет:

Анын жүрүш-турушу, мүнөзү мага жат боло баштады.

Жалпылоо маанисинде колдонулганда адам аттарынын уюшулган бир өңчөй ээлердин эң акыркысында көптүктүн -лар мүчөсү жалганат.

Дал ошол учурда Абыл, Өмүш, Ормуштар келишти.

Азыркы кыргыз тилиндеги бир өңчөй ээлер кадимки эле катарында негизинен, зат атооч, ат атооч, зат атоочтук мааниге айланган сын, сан атоочтор менен атоочтуктар, кыймыл атоочтор аркылуу келет.

**Бир өңчөй баяндооч.**

Бирдей суроого жооп берип, бир ээ менен байланышкан баяндоочтор бир өңчөй баяндоочтор деп аталат.

Карышкырлар жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү.

Бир өңчөй баяндоочтор эки түрдүү түзүлүштө келет.

1. Бардык баяндоочтор тыянактуу формада келет:

Бирөө-жарым тийбесе, үркүтпөсө, байыр алып

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кетер.

Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту.

2. Акыркысы гана тыянактуу формада келип, калгандары чакчылдардан түзүлөт. Мындай баяндоочтор маани жактан өз ара тең болуп, бир мезгилде же биринен кийин бири удаа болгон кыймыл-аракетти көрсөтөт.

Эдигей азыр ошону эстеп, жийиркенип, ичиркенип отурду.

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү атооч, тактооч, этиш жана башка сөз түркүмдөрүнөн да болушу мүмкүн.

Ошол милдет эң оор, эң жооптуу.

Бирок бул үйдө башка турмуш-таза, жарык, жанга жагымдуу.

**Бир өңчөй аныктооч.**

Бирдей суроого жооп берип, бирдей грамматикалык формада келип, бир аныкталгыч менен байланышып, санак интонацияда айтылган аныктоочтор бир өңчөй аныктооч деп аталат.

Бир өңчөй аныктооч да сүйлөм тизмегинде кадимки аныктооч катары эле, негизинен, ээни, атоочтук баяндоочту жана айкындоочту аныктайт.

1.Бир өңчөй аныктооч ээни аныктайт:

Ал күндөрү муңдуу, не бир улуу ырлар жаралды.

2.Атоочтук баяндоочту аныктайт:

Өзү токтоо, салмактуу, анан мыкты шофер.

3.Аныктоочтун өзүн аныктайт:

Бактылуу, эрктүү малчылардын бай мекени болду.

4.Толуктоочту аныктайт:

Түштүк туугандар менен таанышып, саясий-чарбалык иштер боюнча үгүт, түшүндүрүү, уюштуруу иштерин жүргүзөбүз.

5.Бышыктоочту аныктайт:

Көз уялтып, тунук, таза, түпсүз-кыйырсыз кеңдикте көлбүп турган жарык дүйнөгө туш келдик.

**Бир өңчөй толуктооч.**

Бирдей суроого жооп берип, бирдей грамматикалык формада келип, бир толукталгыч менен байланышып, санак интонацияда айтылган толуктоочтор бир өңчөй толуктооч деп аталат.

Гүлсары аны басканынан, дабышынан, кол кыймылынан сезет.

Бир өңчөй толуктоочтор сүйлөмдүн башка бир өңчөй мүчөлөрү сыяктуу эле санак интонация жана байламталар аркылуу байланышат.

Элдин көксөөсүн, үмүтүн сезди.

Аселди да, Саматты да жакшы көрүп кетишти.

**Бир өңчөй бышыктооч**

Бирдей суроого жооп берип, бир сөз менен байланышып, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, бирдей грамматикалык формада келген бышыктооч бир өңчөй бышыктооч деп аталат.

Сайдан-сайга, өрдөн-өргө, бир өйдө, бир төмөн жүрүп отуруп, айылдын үстүнө жетип, дөбөгө акыркы жолу дем алат.

Сүйлөм тутумунда бышыктоочтун бардык түрлөрү – мезгил, орун, себеп, максат, сыпат жана сан-өлчөм түрүндө колдонула берет.

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү – оозеки кепте да, жазма кепте да өтө кеңири тараган синтаксистик категория. Бирок анын табияты кепке чейин туура аныкталбай орус тил илиминде лексика – грамматикалык багыттын өкүлдөрү тарабынан бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр татаал сүйлөм катары каралып, “бирикме сүйлөм”, “кыскартылган сүйлөм” деп аталып келген.

“Бир өңчөй мүчө” деген термин А.М. Пешковский тарабынан биринчи жолу колдонулуп, советтик тилчилер тарабынан бир өңчөй мүчөлөрүн жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тутумундагы өзүнчө синтаксистик категория экендиги туура аныкталды.

Бир өңчөй мүчөлөр сырткы түзүлүшү жана айрым касиеттери боюнча түшүндүрмө мүчөлөргө, тутумдаш мүчөлөргө да окшош болот. Бирок алар өз ара маанилик байланышы жана интонациясы боюнча бири-биринен айырмаланат.

Бир өңчөй мүчөлөр маани жактан тең укукта байланышып, санак интонацияда айтылат. Ал эми түшүндүрмө мүчөлөр менен аныкталгычтардын, тутумдаш мүчөлөрдүн компоненттеринин ортосунда маанилик теңдик болбойт. Ошого байланыштуу обочолонгон түшүндүрмө мүчөлүү сүйлөмдөрдө аныкталгыч көтөрүңкү үн менен тутумдаш мүчөнүн компоненттери туташ үн ыргагы менен айтылат.

Кыскасы, бир өңчөй мүчөлөр бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик кызмат аткарып, маани жактан өз ара тең укукта байланышып, ошого байланыштуу санак интонацияда айтылган сүйлөм мүчөлөрү болуп саналат.

Бир өңчөй мүчөлөргө улана турган сөз мүчөлөрү,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



же аларга айкашып келчү кызматчы сөздөр кээде эң акыркы бир өңчөй мүчөгө уланып, же айкашып, калгандарынан түшүрүлүп айтылат. Мындай учурда мүчө уланган же кызматчы сөз айкашкан акыркы бир өңчөй мүчө гана логикалык басым менен айтылып, калгандары басымсыз айтылып, маани жактан жамдалып, жалпыланып келет.

Бир өңчөй мүчөлөр өз ара интонация жана байламталар аркылуу байланышат. Алар маани жактан өз ара тең укукта болгондуктан, аларды бардык байламталар эмес, багындырбас байламталар (байланыштыргыч, карама-каршы байламталар) байланыштырат [5].

Сүйлөмдүн бардык мүчөлөрү бир өңчөй түрүндө колдонула берип, ошого байланыштуу бир өңчөй мүчөлөр бир өңчөй ээ, бир өңчөй баяндооч, бир өңчөй аныктооч, бир өңчөй толуктооч жана бир өңчөй бышыктооч болуп бөлүнөт.

Жыйынтыктап айтканда. Кыргыз тил илиминде бир өңчөй мүчөлөрдүн табияты туура аныкталып, өзүнчө синтаксистик категория катары каралып келет.

**Адабияттар:**

1. Абдурахманов Г.А. Исследование по старотюрскому синтаксису XI век. М.: Наука, 1967.
2. Абдурахманов Г., Сулайманов А. Хозирги узбек адабий тили: Синтаксис. -Ташкент: Укутивчи, 1979.
3. Акматов Т., Муканбаев Ж. Азыркы кыргыз тили: – Фрунзе: Мектеп, 1978.
4. Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Мектеп, 1975.
5. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Мектеп,1979.
6. Иманов А. Кыргыз тили. – Фрунзе: Мектеп, 1990.
7. Исраилова Д.А. Использование в пословицах антонимов в стилистических целях. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 251-254.
8. Исраилова Д.А. Семантико-структурное строение антонимов в пословицах. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 273-277